# ИЧКИ МИГРАНТТАР ҮЧҮН КЫЗМАТТАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

| Ички мигранттар үчүн кызматтардын түрлөрү | Аракеттер алгоритми | Эскертүү |
|---|---|---|
| ***Өз алдынча иш менен камсыз болгон жарандар үчүн медициналык кызматтарды жана медициналык полис алуу үчүн ҮДТ (Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу) / ҮМБ (Үй-бүлөлүк медицина борбору) медициналык мекемелерине каттоого туруу*** | 1. ҮДТ/ҮМБга иш жүзүндө жашап жаткан жери боюнча каттоого туруу.<br>2. Катталуу үчүн үй-бүлөлүк дарыгерге арыз жазуу жана ММК (милдеттүү медициналык камсыздоо) медполиси үчүн кассага акча төлөө.<br>3. Жанына өздүгүн күбөлөндүргөн документ (ID паспорту, балага туулгандыгы жөнүндө күбөлүк) жана жашаган жеринен квартал башчысынан же МКК убактылуу каттоо тууралуу маалымкат алуу. | **Кош бойлуу аялдарга полистер акысыз берилет.**<br>**103 медициналык жардам КРнын бардык жарандары үчүн акысыз болуп саналат.** |
| ***Азык-түлүк жардамын алуу үчүн "Жардам штабы» 1227. tunduk.kg же 117 электрондук билдирмеси Гуманитардык жардам Өзгөчө кырдаалдар болгон учурларда берилет*** | Кыргызстандыктар кайрыла алышат:<br>• Кол-борбор 1227 (чалуу акысыз) саат 9.00дөн 18.00гө чейин;<br>• Толтуруу<br>• Сиздин фамилияңыз*<br>• Сиздин атыңыз*<br>• Сиздин атаңыздын аты<br>• Персоналдык идентификациялык номери (ПИН)<br>• Сиздин телефон номериңиз* (0ХХХХХХХХХ форматында, мисалы, 0555123123, 0500123123, 0770123123)<br>• Үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны*<br>• Иш жүзүндө жашап жаткан дареги | Биринчи кезекте төмөндөгү категориядагы адамдарга жардам берилет:<br>• ай сайын социалдык жөлөк пул алгандарга (ДМЧА, улгайган жарандар, балдар, багуучусун/багуучуларын жоготкон, пенсиялык камсыздоого укугу жок адамдар);<br>• пенсиясынын өлчөмдөрү негизги азык-түлүктүн наркынан төмөн болгон ардагерлер;<br>• жумушсуз жарандарга;<br>• өзгөчө абалдар/кырдаалдар киргизилген учурда жумушсуз калган (убактылуу бошоп калган эмгек ресурстары) мурда иштеп жүргөн адамдар. |
| ***16 жашка чейинки балдары бар муктаж болгон жарандарга (үй-бүлөлөргө) ай сайын берилүүчү "үй-бүлөгө көмөк" жөлөк пулу*** | 1. Жарандар тарабынан мамлекеттик жөлөк пулдарды алууга арыздар КР ЭСӨМ* аймактык бөлүмүнө иш жүзүндө адамдын жашап жаткан жери боюнча берилет.<br>2. Мамлекеттик жөлөк пул чегерүү маселеси боюнча кайрылган учурда кызматкер керектүү документтердин тизмесин берет.<br>3. КР ЭСӨМ аймактык бөлүмүнүн адиси 20 жумушчу күндүн ичинде үй-бүлөнү үйүнө барып көрөт, үйгө баруунун жана маалымкаттардын аныктыгын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кийин жөлөк пул чегерүү же баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынат.<br>*КР ЭСӨМ (Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги) | 1. "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөк пулу 16 жашка чейинки курактагы балдары бар жарандарга (үй-бүлөлөргө), эгерде адам башына эсептегенде үй-бүлөнүн орточо кирешеси үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө кепилдик берилген минималдуу кирешенин өлчөмүнөн (900 сом) ашпаса чегерилет.<br>2. Мамлекеттик жөлөк пул чегерүү үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси:<br>• арыз берүүчүнүн паспорту;<br>• баланын/балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү/күбөлүктөрү;<br>• иш жүзүндө жашап жаткан жеринен үй-бүлөнүн курамы жөнүндөгү маалымкат;<br>• үй-бүлөнүн жалпы кирешеси жөнүндөгү маалымат<br>Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген **балдар үчүн** медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын майыптыкты тастыктаган маалымкаты керек. |
| ***Үй-бүлөлүк зомбулуктан укуктук коргоо – эгерде күйөөсү уруп жатса кайда кайрылуу керек?*** | • **102, 112 же кризистик борборго чалгыла**<br>• **Медициналык мекемелерге кайрылгыла**<br>• Эгерде күйөөсүнүн аракеттеринин жыйынтыгында денеде жабыркоо орун алса, **анда аларды каттатуу керек:**<br>• Дарыгерге жаракаттардын себептерин түшүндүрүү менен ***сынык-жаракат пунктуна кайрылгыла.*** Дарыгер тарабынан ар бир жаракаттын өлчөмдөрү, жайгашуусу жана түсү сүрөттөлүп жазылышына көз салууну унутпагыла.<br>• ***Текшерүүдөн кийин*** кайрылган күндүн датасы, медкартанын номери, дарыгердин ФААсы жазылган жана мекеменин мөөрү басылган ***маалым катты алгыла.***<br>• ***Уруп-сабоонун бардык издерин өзүңүз сүрөткө тартып алууну унутпаңыз,*** аларды кийин ишке тиркөө керек болот.<br>• ***Далилдерди чогулткула*** – күйөөңүздүн агрессивдүү жүрүм-турумун жана уруп-сабоо фактысын тастыктай турган ***күбөлөрдү катыштыргыла.*** | **Кризистик борборлордун телефондору (Бишкек, ОШ)**<br>1. «Шанс» кризистик борбору, Ткачева Елена Александровна, Бишкек ш., Чүй пр., 207, 509-батир (0709) 710320.<br>2. «Сезим» кризистик борбору, Рыскулова Бюбюсара Рахматовна, Бишкек ш., Табышалиева көч., (0312) 512640.<br>3. «Энсан — Диамонд» КУ, Капарова Жамиля Мурзаевна, Ош ш., Ленин көч., 205/105, (0772) 328960, (03222) 22965.<br>4. «Эне назары» КУ караштуу «Акылкарачач» кризистик борбору, Абдылдаева Октомкан, Ош областы, Алай р-ну Гүлчө а. Набережная көч, 1-үй, (0555) 281423, (0776) 281423.<br>5. «Аруулан» кризистик борбору, Ештаева Наргиза Жолуевна, Ош ш., Ленин көч., 205, (0776) 380777, (03222) 55608.<br>6. «Ак жүрөк» кризистик борбору, Асилбекова Дарийкан, Ош ш., Ленин көч. 205, (0550)2 31329, (03222) 45976.<br>7. «Мээрбан» кризистик борбору КУ, Борпиева Гулипа, Ош ш., Ленин көч., 312/23, (0773) 843461. |

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

КАПС

Общественное Объединение «АРЫШ»

ЦЗД СРС

Ассоциация НПО «Эдвокаси Центр По Правам Человека»

Бул басылма Швейцария өкмөтү тарабынан Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу каржыланып, «Арыш», «Балдарды коргоо борбору», «Эдвокаси-Центр» коомдук уюмдар менен өнөктөштүктө, «Үй бүлөнү пландаштыруу кыргыз альянсы» коомдук бирикмеси тарабынан «Пандемия шартында ички мигранттар үчүн мамлекеттик кызматтардын жеткиликтүүлүгү» долбоорунун алкагында чыгарылды.

# ИЧКИ МИГРАНТТАР ҮЧҮН КЫЗМАТТАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

| Ички мигранттар үчүн кызматтардын түрлөрү | Аракеттер алгоритми | Эскертүү |
|---|---|---|
| ***Балага сүйүнчү бир жолку берилүүчү акча*** | Сүйүнчү пулду алуу жолу жеңилдетилди (МКК, КБТ*га балага туулгандыгы жөнүндө күбөлүк алууда, чогуу арыз жазылса, сүйүнчү пулду алуу каралган).<br>• арыз жазган адамдын паспортунун көчүрмөсү;<br>• баланын (балдардын) туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү<br>• банктын реквизиттери<br>*МКК - Мамлекеттик каттоо кызматы<br>*КТБ - Калкты тейлөө борбору | • “Балага сүйүнчү” бир жолку төлөөсү үчүн кайрылуу бала төрөлгөн күндөн тартып **алты айдан кеч эмес берилген учурда чектелет (4000 сом).** |
| ***Майыптуулукту жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү даражасын тастыктоо үчүн МСЭК (медициналык-социалдык эксперттик комиссия) экспертизасынан өтүү*** | 1. Экспертиза мамлекеттик кызмат болуп саналат жана жарандардын арызы боюнча жүргүзүлөт.<br>2. Экспертиза жарандын туруктуу жашаган жери (каттоосу) же убактылуу жашаган жерине ылайык (жашаган жеринен алынган маалымкаттын негизинде) МСЭКтин тейлеген аймагы боюнча жүргүзүлөт.<br>3. Экспертиза жүргүзүү тартиби. Жаран МСЭКке тиешелүү документтери менен кайрылат. | **Керектүү документтердин тизмеси:**<br>• белгиленген формадагы жарандын арызы;<br>• Кыргыз Республикасынын (ID-карта) жаранынын паспорту;<br>• жергиликтүү бийлик органдары тарабынан берилген бекитилген үлгүдөгү маалымкат<br>• 18 жашка чейинки балдарга – туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, ата-энелердин же мыйзамдуу өкүлдүн Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту (ID-карта);<br>• эмгек ишмердүүлүгү менен алектенген адамдар үчүн эмгек китепчеси (эмгек китепчеси жок болсо - Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан (мындан ары – Социалдык фонд) маалымкат;<br>• медициналык документтер:<br>• саламаттык сактоо уюмунун жолдомосу - форма № 088/у;<br>• 18 жашка чейинки жарандарга – саламаттык сактоо уюмунун 18 жашка чейинки баланы медициналык-социалдык экспертизага ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча жолдомосу;<br>• 18 жаштан жогорку курактагы жарандарга - медициналык-социалдык экспертизага 2-тиркемеге ылайык форма боюнча жолдомосу (жолдомонун жарактуу мөөнөтү – толтурган күндөн тарта 3 айга чейин);<br>• амбулатордук карта, стационардык дарылоодон көчүрмөлөр, ооруну тастыктаган медициналык документтер (консультативдик бүтүмдөр, текшерүүлөрдүн жыйынтыктары);<br>• эмгекке жарамсыздык баракчасы – иштеп жаткан жарандар үчүн;<br>• абактан бошотулгандыгы тууралуу маалымкат.<br>Белгиленген документтердин көчүрмөлөрү МСЭКтин күбөлөндүрүү актысына тиркелет. Айрым учурларда МСЭК экспертиза жүргүзүү үчүн кошумча документтерди сурооо укуктуу. |


Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

КАПС

Общественное Объединение «АРЫШ»

ЦЗД СРС

Бул басылма Швейцария өкмөтү тарабынан Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу каржыланып, «Арыш», «Балдарды коргоо борбору», «Эдвокаси-Центр» коомдук уюмдар менен өнөктөштүктө, «Үй бүлөнү пландаштыруу кыргыз альянсы» коомдук бирикмеси тарабынан «Пандемия шартында ички мигранттар үчүн мамлекеттик кызматтардын жеткиликтүүлүгү» долбоорунун алкагында чыгарылды.